ТАРЫХ ЖАНА ЧӨЛКӨМ ТААНУУ ИНСТИТУТУ

# *АЗИЯ ЖАНА АФРИКИ ӨЛКӨЛӨРҮНҮН ТАРЫХЫ*

# *КАФЕДРАСЫ*

# ТАРЫХ ЖАНА ЧӨЛКӨМ ТААНУУ ИНСТИТУТУ

Жусуп Баласагын атындагы КУУнун тарых жана чөлкөм таануу факультетинин курамындагы Азия жана Африка өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасынын тарыхы 1930-жылдардан башталат.

1934-1935 - окуу жылында тарых факультетинде бир гана кафедра - социалдык-экономикалык дисциплиналар кафедрасы болгон. Аталган кафедраны Жалпы тарых боюнча профессор А. Монатов жетектеп турган.

1936-1937 окуу жылында пединституттун курамында тарых кафедрасы түзүлгөн. Кафедранын башына тарых илимдеринин кандидаты, доцент Г.Г.Куранов дайылдалган.

Улуу Ата мекендик согуш аяктагандан кийин факультетте 2 кафедра: СССР элдеринин тарыхы жана Жалпы тарых кафедрасы адис-тарыхчыларды даярдашкан.

СССР элдеринин тарыхы кафедрасын А.Х. Хасанов (1946-1951-жж.) жетектеген, кафедрада: т.и.д., профессор Б.Д.Джамгерчинов, т.и.к., доценттер – Петровец В.М., В.В. Липович, В.Е.Кутарева, ага окутуучулар – С.Табышалиев, Н.Г.Абдуазизова, С.В.Саксонская, А.Ф Лачко, окутуучулар – А.А.Чукубаев, А.И.Батин, И.М.Скляр эмгектенишкен.

1951-1954-жж. СССР элдери тарыхы кафедрасын т.и.д. профессор Б. Джамгерчинов (бир эле мезгилде КМУ нин ректору), Аталган кафедраларда 19 окутуучу эмгектенишкен. Алардын катарында: 1 т.и.д., профессор (Б. Джамгерчинов), 5 т.и.к., доценттер, 8 ага окутуучу, 5 ассистент окутуучулар болушкан.

1962-1984-жж. СССР элдеринин тарыхы кафедрасын Кыргыз ССР илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти т.и.д., профессор А.Х. Хасанов жетектеп келген.

1992-ж. СССР элдеринин тарыхы кафедрасынын базасында Азия жана Африка өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасы ачылган. 1992-1994-жж. кафедраны т.и.к., доцент А.М.Мокеев, т.и.к., доцент Т.К. Чороев, ал эми 1994-ж. ноябрынан 1996-ж. январына чейин т.и.к., доцент А.А. Рыскулов башкарган. 1996-ж. февралында ректордун чечими менен 3 кафедра: Жаңы жана Соңку Жаңы тарых, Байыркы дүйнө жана Орто кылымдар тарыхы жана Азия жана Африка өлкөлөрүнүн тарыхы кафедралары бириктирилип Жалпы тарых кафедрасы түзүлгөн. Кафедра башчылыгына доцент С.А.Абдрахманов бекитилет.

1999-жылдын декабрында Азия жана Африка өлкөлөрү-нүн тарыхы кафедрасы кайрадан түзүлгөн.

Белгилеп кетүүчү жагдай, 1990-жылдары тарыхчы адистерди даярдоо боюнча реформаларды ишке ашырабыз деген максат менен факультеттин курамындагы кафедралардын аттары тез-тез өзгөрүлүп турган. Мисалы, 1992-ж. Совет мезгилине чейинки СССР элдеринин тарыхы кафедрасы – Түркстан, Кавказ жана Россия элдеринин тарыхы кафедрасы, 1994-ж. аталган кафедрага Совет доор мезгилиндеги СССР элдеринин тарыхы кафедрасын кошуу менен КМШ элдерини тарыхы кафедрасы түзүлгөн.

«Азия жана Африка өлкөлөрүнүн тарыхы» кафедрасын 1994-2001-жж. аралыгында т.и.к., профессор Өмүрбеков Т.Н. жетектеген. 2001-2010-жж. чейин кафедраны Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, т.и.д., профессор З. Эралиев жетектеп келген. 2010-2016-жж. кафедраны т.и.к., доцент Т.Б. Шейшеканов жетектеп келди.

2016-жылы Кыргыз улуттук университетиндеги структуралык өзгөрүүлөргө байланыштуу Азия жана Африка

өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасы жана Европа жана Америка өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасы бириктирилип Жалпы тарых кафедрасы болуп түзүлгөн.

2021-жылы Жалпы тарых кафедрасы экиге бөлүнүп Азия жана Африка өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасы кайрадан түзүлдү. Учурда кафедраны т.и.к., доцент М.Б.Асипбаева жетектеп келет. Азыркы мезгилде кафедрада 2 илимдин доктору – профессор Т.А.Абдырахманов, З.И.Галиева, 7 илимдин кандидаттары – доцентер М.И.Исабекова, Т.Б.Шейшеканов, М.Б.Асипбаева, Б.С.Жалиева, Г.Ж.Чодолдоева, М.К.Иманкулов, Ө.Ж. Алымкожоев, 3 ага окутуучу-Н.Бекматов,А.Т.Эшалиев, М.Ш.Мамедова жана окутуучу А.Т.Шейшенов менен С.Б.Тиллабердиева эмгектенишет.

Кафедра мүчөлөрү адис тарыхчыларды даярдоо боюнча окуу процессинде, окуу-усулдук, илимий-изилдөө жана тарбия иштеринде активдүү иш алып барууда.



***Азия жана Африка өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасынын башчысы т.и.к., доцент***

**АСИПБАЕВА**
**Майрам Бейшенакуновна**



***т.и.к., доцент***

***ИСАБЕКОВА***

***Мархамат***



***т.и.к., доцент***

***ШЕЙШЕКАНОВ***

***Турдубек Бейшенакунович***



***КР УИАнын мүчө корреспонденти т.и.д., АБДЫРАХМАНОВ Төлөбек Абылович***



***Т.и.д.профессор ГАЛИЕВА Зайраш Идрисовна***



***Т.и.к.доцент***

***ЖАЛИЕВА***

***Бегайым Самидиновна***



***Т.и.к.доцент***

***ЧОДОЛДОЕВА***

***Гүлзат Жусуповна***





***П.и.к.доцент***

***ИМАНКУЛОВ***

***Муратбек Калматович***

***Т.и.к.доцент***

***АЛЫМКОЖОЕВ***

***Өмүрбек Жумадилович***



***Окутуучу***

***ШЕЙШЕНОВ***

***Айдар Таалайбекович***

## *Чет тил боюнча окутуучулар:*

***Эшалиев Айбек Толенович (араб тили)***

***Бегматов Нурболот Кубанчбекович (араб тили)***

***Шаршенбек кызы Айпери Тиллабердиева Сейилкан (түрк тили)***

***Мамедова Малахат Шамильевна (перс тили)***

***Тиллабердиева Сейилкан Бактыбековна (түрк тили)***

## Контакты

**720033**

**Кыргызская Республика**

**г. Бишкек**

**улица Фрунзе 547**

**Кабинет №328**

**+996 312 32 31 92**

**Контакты:**

**+996 705 98 77 13**